УДК: 398.22
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-697-702

**Дуйшоева Ш.А.**
ага окутуучу
И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети
Бишкек ш.
shaarkan8@mail.ru

## “МАНАС” - МИФТЕН ЖАРАЛГАН ЭПОС

**Аннотация:** Бул макалада Манас деген аттын тарыхта айрым уруулар менен элдерде кудай катары саналары, эпосто башкы каарман болуп, анын төрөлүшү, түш аркылуу аян болуп кириши, ошондой эле табияттагы ар кыл өзгөрүүлөргө, кубулуштарга, адамдарга, жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн мифтик окуялар тууралуу сөз болот.

Миф деген аныктаманын алдында эл оозунда айтылып жүргөн аңыздардын жыйындысы гана кирбестен, дүйнө таанымдын аң-сезимдеги көп тармактуу модели тургандыгын түшүндүрүүгө далалаттанабыз.

Макалада элдик оозеки чыгармачылыкта мифологиялык каармандардын, жалпы эле мифтик түшүнүктөрүнүн адам аты катары аталышы, адам баласынын аң-сезиминдеги ой-чабыттын, башкача айтканда, курчап турган жаратылышка, жан-жаныбарга, өсүмдүк, тоо – ташка, сууга, жарыкчылыкка, деги эле тирүүчүлүккө жана анын кубулуштары менен алардын ортосундагы кандайдыр бир кубаттуу, керемет күчтөрдүн бар экендигине өзүнүн узак өмүр сапарында иш жүзүндө ынангандыктан улам келип чыккан ыйык ишенимдердин жыйындысы болуп саналары берилген.

**Негизги сөздөр:** миф, мифтик каарман**,** Манес, Масанес, Мажан, Ормузд, жалгыз көздүү, мүйүздүү, түш көрүү, колдоочусу, жер, суу, күн, ай, дуба окуу, жаныбарлар, чагылган.

**Дуйшоева Ш.А**.
старший преподаватель
Кыргызский государственный технический университет имени И. Раззакова
г. Бишкек
shaarkan8@mail.ru

## «МАНАС» - ЭПОС, СОЗДАННЫЙ НА ОСНОВЕ МИФА

**Аннотация:** В данной статье рассматривается, как имя Манас почитается как бог среди некоторых народов и племен в истории, а также обсуждаются его роль как главного героя эпоса, его рождение, появление через сны, а также множество мифологических событий, связанных с различными изменениями в природе, явлениями, людьми и миром животных.

Мы хотели бы пояснить, что определение мифа включает в себя не только совокупность устных преданий, но и многогранную модель мировоззрения в сознании.

В статье рассматривается наименование мифологических персонажей и мифических понятий в целом в народном устном творчестве в качестве человеческих имен, влияние мысли и вдохновения на сознание человека, то есть связь между окружающей природой, животными, растениями, горами и скалами, водой, свет и жизнь в целом. Считается, что это набор

священных верований, возникших из его долгой жизненной практической убежденности в том, что между его феноменами и ими существуют некие могущественные, чудесные силы.

**Ключевые слова:** миф, мифический персонаж, Манес, Масанес, Маджан, Ормузд, одноглазый, рогатый, сновидение, покровитель, земля, вода, солнце, луна, заклинание, животные, молния.

**Duishoeva Sh.A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State Technical University named after I. Razzakov
Bishkek c.
shaarkan8@mail.ru

## "MANAS" – IS AN EPIC CREATED FROM MYTH

**Annotation:** In this article, the name Manas is considered as a god by some tribes and peoples in history, he is the main character of the epic, and his birth is revealed through a dream, as well as many mythical events associated with various changes in nature, phenomena, people and the animal world.

We would like to explain that the definition of myth includes not only a set of legends told by the people, but also a multi-faceted model of worldview in the mind.

The article discusses the naming of mythological characters and mythical concepts in folk oral creativity as human names, as a set of sacred beliefs that arise from the conviction in the human mind, that is, the surrounding nature, animals, plants, mountains and stones, water, light, and in general, life itself, and its phenomena and the existence of some powerful, miraculous forces between them.

**Key words:** myth, mythical character, Manes, Masanes, Majan, Ormuzd, one-eyed, horned, dreaming, patron, earth, water, sun, moon, spell, animals, lightning.

### Изилдөөнүн милдеттери жана актуалдуулугу.

Илимде мифке берилген аныктама бир топ. Эгер ошол аныктамаларды жалпы жонунан жыйынтыктай турган болсок, негизги мазмуну жана багыты байыркылардын жаратылыш дүйнөсүн, курчап турган айлана-чөйрөнү, жаратылыш кубулуштарын, анын өзгөрүү заң - мыйзамдарын түшүнүүгө жасаган алгачкы ой жүгүртүү – кыялдануууларын, аракеттенүүлөрүн чагылдырып турат. Миф жаратылыштагы кубулуштарды, турмуштук көрүнүштү кыялдагы образ менен сүрөттөп, адам менен коомдун карым-катышын жанрдык мүмкүнчүлүгүнө жараша мүнөздөйт.

Миф түшүнүктөрүнүн баштапкы жаралыш себеби адам баласынын аң-сезиминдеги психофилософиялык ой-чабыттын, курчап турган жаратылышка, жан-жаныбарга, өсүмдүк, тоо – ташка, суугa, жарыкчылыкка, ааламдын жалпы түзүлүшүнө, деги эле тирүүчүлүккө жана анын кубулуштары менен өз ортосундагы кубаттуу бир керемет күчтөрдүн бар экендигине өзүнүн узак өмүр сапарында иш жүзүндо ынангандыктан улам келип чыккан ыйык ишенимдердин жыйындысы, абалкы тагдырынын адам акыл-сезиминин тирүүлүктүн системасын аңдап түшүнүүсү. [2. 705].

### Негизги бөлүм

Байыркы тарыхта катуу дүңгүрөгөн, бара-бара жок болуп кеткен айрым уруулар менен элдерде Манас деген ат болуп, ар күчтүү, ары кадимки чоң кудай катары саналган.

Ошол бенгалдарда да Манас жыландын кудайы деп айтылат. Индустарда да Манас – мифтик каарман. Эпостун башкы каарманы Манас болгондо да баарын башкара билген кыргыздардын ары чоң, ары күчтүү кудай-теңири.

Чагылгандын колдоочусу бар деп, аны барып турган күчтүү, ары башкы кудай катары эсептегендик биздин заманга чейин Түштүк жана Борбордук Азияда жашаган элдердин дээрлик көпчүлүгүндө кезиккендигин армен профессору Гр.Капанцян “Хеттердин таасири армендердеги хеттердин кудайлары жана жалпы эле армен пантеонунун пайда болушу “деген эмгегинде байыркы мезгилдерде фригиялар Манас, лидияларда Манас аттуу кудайга сыйынып келишкендигин биринчи жолу белгилеген

Чагылгандын кудайлары Манес менен Масанес байыркы армендерде Мажан, хеттерде Мазан деген ат менен белгилүү болушу, персилерде чагылгандын кудайы Ормузд, армендерде Арамазд, скифтерде Папай, гундарда Гуар, монголдордо Мангас, Мангус, Мангунс түрүндө да кезигет.

Ошол эле монголдордун байыркы барин, харчин, удзумчан урууларынын тилинде да кыргыздарда айтылгандай эле “Манас” деген бешинчи түрү да сакталышы, Сибирь элдеринин, калмак-монголдордун эпосторунда Манас алардын тилдик өзгөчөлүктөрүнө жараша түрдүү болуп, кеңири айтылат. Дээрлик бардыгында алар мифтик терс каарман түрүндө сүрөттөлөт. Ошондуктан байыркы ондон ашык уруу менен элдерде Манас миф же кудай-теңири болуп айтылгандыктан, “Манас” мифтен жаралган эпос деген жалпылоону чыгарууга туура келет. [3. 19].

Эпостордо өтө кеңири тараган традициялык мотивдердин бири касиеттүү түштөрдү көрүү аркылуу боло турган жамандык-жакшылык туурасында алдын-ала кабар берүү. Баатырлар төрөлөөрдөн мурун ошондой эле анын өмүрүнүн урунттуу учурларын баяндаган түштөр болот.[1.14]

Мисалы, М. Мусулманкуловдун варианты боюнча алсак:

“Ээ бай Жакып- деп айтат,
Байбичеси кеп айтат.
Түндө жатып түш көрдүм,
Абдан сонун иш көрдүм.
Берди кудай тилегим,
Токойдо жүргөн жолборстун.
Кармап алып өлтүрүп,
Сууруп жедим жүрөгүн.
Чынжырлай жолборс байладым,
Жыргады менин аймагым.
Этегимден өрт көрдүм,
Этектен чыккан жалынга,
Ааламдын баарын өрттөдүм.
Кармай жедим куланды,
Тирүүлөй жедим жыланды.
Бул түшүмдү жоруп бер,
Мен дагы бала тубамбы?” деп, айтылган. [5.14].

Ал эми С.Каралаевдин вариантында түштү Жакып гана көрөт: көзүнө көрүнгөндүн баарын алган өзгөчө кыраан ала барчын бүркүт кармап алат, жолсуз зоодон колунда пайда

болгон курч кылыч менен таш кесип жол салып түшөт, бүтүн дүйнөгө көлөкөсүн тийгизген чатырга кирип, ай менен күндү чакмак салып ойнойт. [6.701].

“Манас” эпосунда миф эң жогору балдакка жеткен. Анткении, айкөл Манас төрөлө электе анын руху мурда келет. Анын руху келсе-келбес адамдарга көрүнбөйт. Жетим-жесир ак көңүл адамдарга көрүнөт. Адылбектин Жакыпка айтканы :

Токойдон көрдүм кырк уулду,
Жетелеп айдап келаткан.
Мүйүздөн байлап кырк бугу,
Учурап калып токойдон,
Сурадым дайнын мен муну.
Өзү бала айтпады,
Кызыл чырай жаш бала,
Ошонун мага айтканы.
Бай Жакыптын уулу бул,
Аты Манас баатыр уул.
Кырк жигити биз деди,
Ким болосуз сиз деди – дейт.

Биз муну кандайча түшүнөбүз? Көр уулу Султан көр ичинде туулат. Көрдөн чыгып ойноп жүргөндө эл көрөт. Шаамшырап эне курсагында туруп сүйлөйт. Боз жигиттин мойнун кыя чапканда, мойнунда жалын алоолоп, “Боз жигит” деген аты чыгат. Бул сыяктуу байыркы чыгармаларды окусак укмуштар бир далай. Өлбөй жүргөн киши көп, касиеттүү аса бар, асманга чыгып, тоого кирип кеткен бар, канаттуу атты минген бар. Мына булар апыртуулар менен эңсенген таттуу кыялынын камырдай жуурулганы. Айкөл Манас бүткүл кыргыз элинин сүйгөн баатыры. Ал, албетте, азаматтардын ыйыгы болууга татыктуу.Ошондуктан, өзүнөн мурда келбети, жоого жорук салышар чоролорунун руху көрүнүшү танданарлуу иш эмес.[7.104].

Манастын атынын коюлушуна токтоло кетсек, Манастын атынын өзү мифоним, Манаска ат коюуда көптөгөн эл чогулуп ал баланын сөөлөтүнө, баатырдыгына , айкөлдүгүнө тете, төп келген ат таба албай кыйналышат. “Ат асмандан дечи эле, жакшы ат коюлар бекен”,-деп Жакып жалдырап элдин оозун карап турганда бир “ак күлөөлү дубана, асасы колдо шалдырап” жок жерден пайда болот да, балага ат коет:

Баш жагына “мем” келсин,
Байгамбардын сөөлөтү.
Ортосуна “нун” келсин,
Олуянын поруму.
Аягына “син” келсин,
Арыстанды келбети.
Окуп билди “Манас” деп,
Алла таала сактасын
Аты болду Манас деп
Ар балаадан калас деп.
(С.О., КФЖ, 572-инв.).

“Манас” мифониминин этимологиясын талдоодогу эң эле көп айтымдардын бири жана анын баалуулугу- эпостун текстинин өзүндө даана айтылган факт экендигинде. Мында “мем” тамгасынын арабча жазылуу графикасын да эсепке алуу керек. “Мем” Мухаммед пайгамбардын атынын алгачкы тамгасынан алынган. Ал эми “нун” деле ошол Нук, Ной пайгамбардын атынын баш тамгасы. “Син” болсо жазылышы жагынан арстандын куйругу сыяктанып, текстте да ошого байланыштыра айтылып турат. Андан башка да “нун” (же мум” мифонимдеринин окшоштугун эске алуу керек. “Нун” арабдардын байыртан келаткан мифологиясындагы жер каймактай электеги суу хаосун түшүндүргөн кудай катары белгилүү. Кийин Нил дарыясы киргенде да аны ошол “Нун” кудайдын амири менен байланыштырышкан. Үчүнчү “Син” болсо Месопотамиядан Йеменге чейин тараган Ай кудайы; аккад элинин мифологиясында ( шумерлерде Йание) – Ай кудайынын ысымын тергөөдөн келип чыккан аты. ( Мифы народов мира.- М.,1982, т.2. 437-б.).

Ошондуктан, жогорудагы эпостун өз маалыматы боюнча Манас мифониминин чечмелениши жалаң гана араб алфавитинин үч тамгасы менен эле чектелбестен, андан ары (мем, нун, син) миф, түшүнүк, пайгамбар, ай кудайы, ааламдык кудай жана башкаларга чейин тамырланган. Мифологиялык каармандардын үчөөнүн жыйындысынан кураштырылган деген божомол айтууга болот [6, 894 б.].

Андан башка дагы мифтик окуялар бардык дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгында кеңири кездешет. “Манас” эпосундагы табияттагы ар кыл өзгөрүүлөргө, кубулуштарга, адамдарга, жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн мифтик окуялар кезигет. Ошондой мифтерде негизги каармандарын бири Алмамбет баатыр дуба окуу менен күндү жайлап жамгыр, кар жаадырат. Мындан тышкары ар түрдүү сыйкыр жолдору менен өсүмдүктөрдү, карагай-черди жаныбарларга жана адамдарга айландырышкан, алар ошондой эле бир жаныбардын кейпинен экинчи бир жаныбардын кейпине же бир табият кубулушуна өтө турган касиеттерге ээ. Мисалы, ажыдаар, арстан, булут, караңгы түн, от ж.б. жөнүндө эпизоддор камтылган [4].

Адамзаттан өзгөчөлөнгөн мифтик жандыктар жин, перилер, Айчүрөктүн периден туулушу, анын ак куу кебин кийип учушу ж.б. эпизоддор аркылуу берилет. Байыркы бардык элдердин мифтик чыгармаларында кездешүүчү жалгыз көздүү, мүйүздүү ж.б. өзгөчөлүктөрү бар дөөлөр да эпосто өтө көп кездешет. “Манас” эпосундагы негизги каармандар дал ушундай дөөлөр менен беттешип согушат. Макел, Мадыкан, Карадөө, Сарыбай ж.б.у.с. дөөлөр эпостогу окуяларга мифтик каарман катары катышат. Ушундай мифтик жандыктардын жашаган жерлери да укмуштуу, сырлуу жерлер катары сүрөттөлгөн.

**Корутунду жана натыйжалар.**

Айрым изилдөөчүлөр эсептегендей, миф орду жок курулай кыялдануу эмес, анын негизги объектиси жаратылышты таануу, анын жашыруун сырларын ачууга аракеттенүү болуп, негизги тематикасы жер, суу, тоо-таш, күн, ай, жылдыз, жан-жаныбарлар дүйнөсүнүн пайда болушун түшүндүрүүгө болгон алгачкы аңдап-билүүнүн негиздерин камтыйт.

Миф аңыздары же миф тексттери бир гана фольклордун изилдөө предмети эмес, философиянын, тарыхтын, этнографиянын жана психология, этнология илимдеринин дагы али акырына чейин таанылып бүтө элек табышмактуу бир нугу деп эсептейбиз [2, 555-бет].

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жумалиев К. “Манас” эпосундагы жалпы адамзаттык идеялар.
   – Бишкек, 1993, – 14-15-б.

2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-том.Үчүнчү басылышы “Кут- бер” – Бишкек, 2017 -жыл. – 555 б.
3. Мамыров М. “Манас” эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы. – Бишкек “Кыргызстан” 1995-ж.
4. Манас энциклопедиясы. – Бишкек, 1995-ж.
5. Манас баатырдык эпос Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек “Бийиктик плюс”- 2017-жыл
6. “Манас” Сагымбай энциклопедиясы. – Бишкек “Бийиктик плюс”- 2015-жыл. – 894 б.
7. “Манас” эпосу жөнүндө. Илимий иликтөөлөр жана макалалар. – Бишкек. “Шам” басмасы 1994-ж.


**Рецензенттер: филология илимдеринин кандидаттары, доценттер Устабаева Г.К., Сулайманкулова М.Б.**